DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Темиралиева Г.Т., Кушубакова Ш.А.*

## ЖАШ МУУНДАРДЫ ТАРБИЯЛООДО ИСЛАМ ДИНИНИН ОРДУ

*Темиралиева Г.Т., Кушубакова Ш.А.*

## РОЛЬ ИСЛАМА В ВОСПИТАНИИ ПОДРАСТАЮЩЕГО ПОКОЛЕНИЯ

*G. Temiralieva, Sh. Kushubakova*

## THE ROLE OF ISLAM IN THE UPBRINGING OF THE YOUNGER GENERATION

*УДК: 94(575.2) (04)*

*Ислам дининин Кыргызстанда таралыш жана анын бекемделиш процесси 1300 жыл чамалуу убакытты камтыйт. Диндин таралышы Борбор Азия аймагынын бүтүндөй бир коомдук өнүгүүсүнө багыт берип, анын келечек өнүгүүсүнө олуттуу таасирин тийгизген. Дүйнөлүк тарыхта дин тарбия маселеси менен мурунтан эле тыгыз байланышта болуп келген. Руханий-адептик идеалдардын алып жүрүүчүсү жана маданий салттардын сакчысы катары дин азыркы жаштардын көз алдында улам баалуулукка ээ болуп баратат. Ушуга байланыштуу диний этиканын күчү бүгүнкү күндө өсүп келе жаткан жарандын адеп-ахлактык жана руханий дүйнөсүн калыптандыруу үчүн көбүрөөк колдонулууда. Бүгүн диндин анын ичинде ислам дининин эбегейсиз зор педагогикалык потенциалы бардыгы тууралуу изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Бул макалада ислам дини анын таралуу тарыхы тууралуу баяндалып, педагогика тармагына тийиштүү тарбиялык тараптары иликтелет.*

***Негизги сөздөр:*** *ислам, дин, жаштар, билим, тарбия, мектеп, коом, педагогика, адеп, доор, агартуу.*

*Процесс распространения ислама в Кыргызстане и его упрочения насчитывает около 1300 лет. Распространение религии направляло все общественное развитие среднеазиатского региона и оказало значительное влияние на его дальнейшее развитие. В мировой истории религия уже была тесно связана с вопросом образования. Как носитель духовно-нравственных идеалов и хранитель культурных традиций религия приобретает все большее значение в глазах современной молодежи. В связи с этим сила религиозной этики все чаще используется для формирования нравственного и духовного мира подрастающего гражданина. Сегодня ведутся исследования всех религий, в том числе и огромного педагогического потенциала ислама. В данной статье описывается история распространения ислама и исследуются его образовательные аспекты, актуальные для области педагогики.*

***Ключевые слова:*** *ислам, религия, молодежь, образование, воспитание, школа, общество, педагогика, нравственность, эпоха, просвещение.*

*The process of the spread of Islam in Kyrgyzstan and its consolidation has about 1300 years. The spread of religion directed the entire social development of the Central Asian region and had a significant impact on its further development. In world history, religion has already been closely linked to the issue of education. As the bearer of spiritual and moral ideals and the guardian of cultural traditions, religion is becoming increasingly important in the eyes of today's youth. In this regard, the power of religious ethics is increasingly being used to shape the moral and spiritual world of a growing citizen. Today, research is being conducted on all religions, including the enormous pedagogical potential of Islam. This article describes the history of the spread of Islam and explores its educational aspects relevant to the field of pedagogy.*

***Key words:*** *Islam, religion, youth, education, upbringing, school, society, pedagogy, morality, era, enlightenment.*

Ислам динин үйрөтүүчү мектеп-медреселер, каарыханалар элди ыймандуу, сабырдуу, адептүү, эмгекчил, чынчыл болууга үндөп, калктын сабатын көтөрүүдө кандайдыр бир деңгээлде кызмат кылып келген. Кийин Абу Райхан Беруни, Аль-Фараби, Ибн Сина, Улукбек ж.б. агартуучулар тарабынан диний окуулар менен кошо математика, медицина, астрономия, география ж.б. илимдерден түшүнүктөр бериле баштаган. XIX кылымдын экинчи жарымынан “Усулу кадим” системасынан айырмаланган же анын өнүккөн формасында пайда болгон окутуу, тарбиялоо процессинде прогрессивдүү эсептелген жадид мектептеринде эне тилинде окутуу, фонетиканы тыбыштык-добуштук усулда окутуу технологиялары киргизилет. Орус тузем мектептеринде болсо классикалык адабият, Орусиянын географиясы, тарыхы окутулуп, билим берүү кош тилде (орус жана жергиликтүү элдердин тилдери) жүргүзүлгөн. Бул процесс билим берүү уюмдарынын педагогикалык системасынын традициялуулугун жана новаторлугун көрсөтөт. Бирок коммунисттик-тоталитардык доор, атеисттик идеология ислам дининин прогрессивдүү жактарын көрсөтүүгө тымызын да, ачык да тыюу салып келген [1, 39-40-бб.]. Ошондой эле диндин инсанды тарбиялооодогу артыкчылыктуу жактары да эске алынбай, бир тараптуу атеисттик мүнөздө мамиле жасалган. Исламдын билим берүү, тарбия жаатындагы революцияга чейинки агартуудагы ролу четке кагылып, руханий тамыры кыркылган. Анткени дин коммунисттик коомдун идеалдарынан жогору турушуна жол берилген эмес. Кеңеш доорунун дин менен болгон аракеттери негизинен идеологиялык жагдайда жүргөн. Анын ачык көрүнүшү 1918-жылы Россияда жана Түркстанда кабыл алынган диндин мамлекеттен ажыратылгандыгы жөнүндөгү мыйзамга мектептен да динди бөлүү жөнүндөгү жобонун киргизилиши айгинелеп турат [2, 157-б.]. Ошентип диндеги бул абал эгемендүүлүктүн алдыңкы күндөрүнө чейин өкүм сүрдү.

СССРде 1985-жылдары «кайра куруу» саясаты жүрүп, диндерге болгон мамиле өзгөрүп, диний масе-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



лелер демократиялык жолдун нугунда чечиле баштады. 1990-жылдары СССРде «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» мыйзам кабыл алынды. Ошол эле жылдары Кыргыз Республикасында башталган демократиялаштыруу процесси да диний кырдаалды таптакыр түп-тамыры менен өзгөрттү. 1991-жылы 16-декабрда «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзам кабыл алынып өлкөдө дин тутуу эркиндиги биринчи жолу мыйзам түрүндө жарыяланып бекемделди [3].

Кыргыз Республикасынын Конституциясында дин тутуу эркиндигин камсыздай турган жоболордун орун алышы жана башка диний чөйрөгө тиешелүү болгон жаңы мыйзамдык актылардын жүзөгө ашырылышы, өлкөнүн диний турмушунун үстүнөн жүргүзүлүп келген мамлекеттик көзөмөлдү жок кылып, диндердин, анын ичинде ислам дининин коомго тез жана динамикалуу жайылуусуна шарт түздү. Натыйжада ислам дини коомдун бардык чөйрөсүндө орун алып, бир эле учурда ар түрдүүлүгү жана карама-каршылыктары менен өзгөчөлөндү. Дин эркиндигинин натыйжасында мусулмандар диний билим алууга, ааламдашуунун шартында адамдын руханий жандүйнөсүн тынчтантып, улуттун өздүк наркын сактап калууга жардам берилүүдө. Ошол эле учурда ислам дининин өлкөдө баш аламан жайылып, диний коомчулук түрдүү саясий күчтөрдүн объектиси боло баштады. Сапатсыз түрдө берилип жаткан диний билимдин коомго жайылуусу аркылуу жашоонун бардык чөйрөсүнө карата болгон түркөйлүк ислам дининин баркын түшүрүүдө. Дүйнө жүзү боюнча исламдын кайра жаралуусу радикалдык жана экстремистик көрүнүштөр менен коштолду [4, 60-62-бб.]. Ага байланыштуу Кыргызстанда конфессиялык билим берүүнү жаңылоо, калыптандыруу жана өнүктүрүү маселелерине арналган илимий изилдөөлөрдү конкреттүү жүргүзүп, диний билим берүүнүн өзгөчөлүгүн ачуу, анын педагогикалык потенциалын өлкөдө калыптанган бүтүндөй билим берүү системасына карата аныктоо актуалдуу болууда. Биздин пикирибизде педагогика тармагында исламдын эбегейсиз зор педагогикалык потенциалы жана аны изилдөө методикасы азырынча жетиштүү абалда өнүгө элек.

Азыр глобалдашуунун бүгүнкү шартында диндин туура жайылышы, анын педагогика жаатында билим менен тарбия процессинде үзөңгүлөш жүрүшү абдан маанилүү. Билим менен дин обочолоногон шартта аракеттенбеши керек. Анткени исламдын кайра жаралуусу радикалдык жана экстремисттик көрүнүштөр менен коштолуп, Кыргызстандын шартында ислам дини, бир жагынан коомду бириктирүүчү күчтүн булагы болсо, экинчи жагынан туруксуздуктун дагы булагы болуп калгандыгы бүгүн жашыруун эмес. Диний билимдердин сапатсыз, билимсиз түрдө жайылышы түрдүү терс идеологиялардын коомго таралуу коркунучуна алып келди. Дүйнөлүк масштабдан алып караганыбызда диний радикализмдин күч алышы, экстремисттик уюмдардын көбөйүшү, коопсуздук маселесинин курчушу Кыргызстан үчүн да албетте кооптуу.

Бүгүн ислам динин үйрөтүү боюнча мамлекеттик түрдө катталган жана катталбаган да медреселер бар. Ошондой эле теологиялык багыттагы окуу жайлар бар. Алар дин таанытуу менен гана чектелбестен диний билим берүүнү, тактаганда ислам динин үйрөтүүгө, анын артыкчылыктарын, Куранда жазылган шарияттарды үйрөтүүгө багытталат. Алардын баары жалпы өлкөнүн кызыкчылыгында, диний экстремизмдин алдын алуу, болуп жаткан туура эмес диний түшүнүктөрдү жоюу аракетинде иштеши керек. Ислам дининин педагогикалык потенциалы – бул адамдарга тарбия берүүгө мүмкүндүк берүүчү баалуу, мазмундуу жана усулдук каражаттардын жыйындысы. Диний билим берүүнү жакшыртууда инновациялык ыкма катары адамдын инсандык өнүгүүсүндө оң натыйжага багытталган, жалпы маданияттын, руханий-адептик компоненттин өнүгүшүнө салым кошкон, жакшыртылган иш-аракеттерди карашы максатка ылайыктуу. Ислам дининин негиздери боюнча баланы тарбиялоодо төмөнкү аспектилерди эске алуу зарыл:

- адеп-ахлактык - балага анын инсандыгынын өзөгү болууга тийиш болгон адеп-ахлактык принциптердин жыйындысын сиңирүү;
- физикалык - натыйжалуу иштөөгө, үй-бүлөнү жана коомду коргоого жөндөмдүү, күчтүү, дени сак инсанды калыптандыруу;
- интеллектуалдык - курчап турган дүйнөнүн илимдерди жана билимдерди түшүнүүгө умтулуу, илим чөйрөсүндө да, дин чөйрөсүндө да билимди калыптандыруу, дүйнөнү түшүнүүгө, ишенимге, жан дүйнө тынчтыгына жана бакытка жетүүгө көмөктөшүүчү;
- психологиялык - дени сак, туруктуу психиканы тарбиялоо, баладагы кайраттуулук, өз алдынчалык, жеткилеңдикке умтулуу, жакшылык, сүйүү көрүнүштөрүнө жетишүү [5].

Кыргызстанда диний окуу жайларга светтик предметтерди, ал эми жалпы билим берүү жайларына дин таануу сабагын киргизүүгө багытталган билим берүү концепциясы бир топ талкуулардан кийин беш жыл аралыгында иштелип бүттү. 2022-жылдын 8-июнунда КРнын Президенти С. Жапаров "Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында "Диндердин өнүгүү тарыхы" предметин киргизүү боюнча Жарлыкка кол койду. Аталган Жарлыкта диндердин өнүгүү сабагын окутуу заманбап илимий-методикалык ыкмаларга негизделип, дүйнөлүк жана салттуу диндер тууралуу окуучуларга билим берип, маданиятты, руханий жашоону таануусуна жардам берүүгө тийиш экендиги белгиленген. Окутуунун эң башкы

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



максаты окуучуларга туура диний түшүнүктөрдү берүү, калыптандыруу болуп саналат. Аталган сабактын зарылдыгы дин тутуудагы салттуулук, диндер аралык жакшы мамиле куруу, адеп-ахлакка, адамдын коомдогу жүрүм-турумуна таасир этүүсү менен белгиленет. Ошондой эле предметтин программасында өлкөлөрдүн тарыхый, диний жана социалдык өнүгүүсүндөгү диндин ролу ачылып берилет. Ошондой эле дин боюнча бейтарап, тең салмактуу окутулуусу тийиштиги дагы белгиленет. Мугалимдин бул предметти өтүүсүндөгү негизги маани ар бир салттуу диндин бай тарыхы, маданий мурасы тууралуу маалымат бергендигинде жана башка элдердин ишенимдерин урматтоого татыктуу деген ойду окуучуларга жеткирүүсүндө турат [6, 15-б.].

Жарлыктан белгиленип тургандай жалпы билим берүүчү мекемелерде өтүлүүчү сабактар дин таануу сабагынын маңызы, мазмуну учурдагы глобалдашуунун талаптарына, мамлекеттин динге карата жүргүзгөн саясатына жооп бергендей, инсандын коомдогу жүрүм-турумуна таасир эткендей болушу керек. Кайсы бир ислам дининдеги бир мазхабдын диний түшүнүгүнө гана чак келгендей эмес, абдан эле чоң алкакты камтышы зарыл. Ошол эле учурда дин таануу сабагынын өткөөл курактагы балдарга өтүлүшү да мааниге ээ болду. Себеби айрым билим берүү тармагындагы адистердин баамында окуучулардын өспүрүм куракта диний агымдарга берилип кетүү коркунучу күч.

Жыйынтыктап айтканыбызда, динге болгон кызыгуунун артышы жана радикалдык, экстремисттик агымдардын жандануусу диндер аралык мамилеге жана мамлекет менен диндердин ортосундагы кызматташтыкка өзгөчө көңүл бурууга түрткү болду. Анткени бул тенденциялар диний маселелерди саясатташтырууга, диндер аралык чыр-чатактын өсүшүнө ошондой эле өлкөнүн улуттук жана коомдук коопсуздугуна коркунучун пайда кылды. Мына ушул себептерге байланыштуу динди туура түшүнүү менен мамиле жасоо азыркы Кыргызстандык коомдун ар бир мүчөсү үчүн мааниге ээ болду.

Ага байланыштуу дин таануу сабагын жалпы билим берүүчү мектептерге киргизүү маселелси көтөтүрдү жана жүзөгө ашырылды. Мында светтик мектепте заманбап дин таануу сабагы окуучуларды дүйнөлүк диндер, Кыргызстан элдеринин диний каада-салттары менен тааныштыруу, анда диндердин келип чыгышы, тарыхы, ишенимдердин негизги өзгөчөлүктөрү, диний бирикмелердин түзүмү, диндердин ыйык аталган китептериндеги кабыл алынган этикалык нормалар, диндердин таралуу географиясы, тигил же бул диндин ар түрдүү маданияттардагы жана мамлекеттердеги мааниси жөнүндө ачып берүү тапшырмасы коюлду. Алынган билимдердин натыйжасынын окуучулардын көз карашын кеңейтүүгө гана салым кошпостон, алардын ар түрдүү этномаданий чөйрөдөгү теңтуштары менен аң-сезимдүү мамиле түзүүгө, өз улутуна да, башка маданияттын өкүлдөрүнө да сыйурмат жана толеранттуулукту тарбиялоого жардам бериши күтүлүүдө. Заманбап мектепте окуучулардын көп маданияттуу курамын эске алуу менен, билим алуучуларга коюлган бул милдет өтө актуалдуу болуп саналат.

Диндин бүгүнкү жаштардын адептик сапаттарын калыптоого тийгизүүчү таасири бар экендиги чындыгында талашсыз. Андай болсо инсандын адептик баалуулуктарын калыптандырууда улуттук баалуутар менен дин баалуулуктарын өз ара айкалыштыруу менен жеткирүү бүгүнкү күндүн талабы. Ааламдашуунун шартында жаштар батыш өлкөлөрүнүн терс да, оң да жактарын бирдей кабыл алып жаткан учурда, эгерде Кыргызстандын шартында жалпы билим берүүчү мекемелерде дин таануу сабагына олуттуу маани берилбесе, жаштардын диний сабаттуулугу жогорулатылбаса, руханий баалуулуктар, адептүүлүк, ыймандуулук жана улуттук жүрүм-турумдун нормалары кайра калыбына келе албачу коркунучтуу жагдай жаралат.

**Адабияттар:**


1. Зулуев Б.Б. XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшү (Фергана өрөөнүнүн мисалында). / Автореферат. - Б., 2019. - 47 б.
2. Кокайсл П., Усманов А. Кыргызстандын тарыхы күбөлөрдүн көзү менен. 292 б. - Ош, 2014.
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 6-майындагы №324 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын диний чөйрөсүндө мамлекеттик саясаттын Концепциясы».
4. Карасартова Ч.Ж. Азыркы Кыргызстанда ислам дининин коомго тийгизип жаткан таасири. / Известия вузов Кыргызстана. - Б., 2017. - № 4. - 60-62-бб.
5. Койчуев А.А. Автореферат. Педагогический потенциал ислама в светских образовательных практиках. – Ставрополь, 2008. - 45 с.
6. “Диндердин өнүгүү тарыхы” // Кут билим. 2022-жыл, 19-август 15-бет. №31 (10968).